*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2018-жылдын 15-ноябры

## Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-октябрындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-октябры 2017[1] январь-октябрына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-октябры 2016 январь-октябрына карата пайыз менен | Айырмачылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 420012,4 | 102,0 | 103,3 | -1,3 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 382610,4 | 102,6 | 102,8 | -0,2 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 190444,6 | 98,6 | 113,8 | -15,2 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 120415,7 | 101,2 | 120,9 | -19,7 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 12810,0 | 64,4 | 188,8 | -124,4 |
| Иштетүү өндүрүшү | 146675,5 | 101,2 | 109,6 | -8,4 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 28768,2 | 102,5 | 111,1 | -8,6 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 2190,9 | 132,6 | 106,5 | +26,1 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 183679,5 | 102,5 | 102,2 | +0,3 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 101738,4 | 105,4 | 101,6 | +3,8 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 100957,0 | 108,3 | 100,0 | +8,3 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-октябры 2017[1] январь-октябрына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-октябры 2016 январь-октябрына карата пайыз менен | Айырма-чылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо | 393123,5 | 105,3 | 105,6 | -0,3 |
| анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 207609,3 | 103,8 | 105,3 | -1,5 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 17639,9 | 107,1 | 108,0 | -0,9 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 26444,8 | 103,7 | 101,8 | +1,9 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 604,9 | 103,0 | 103,9 | -0,9 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 588,0 | 101,2 | 103,4 | -2,2 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 18882,9 | 92,3 | 75,6 | +16,7 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 101,8 | 103,0 | -1,2 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 99,1 | | | |
| - 2017-ж. октябрына карата | 100,8 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 70,1 | 110,5 | 111,9 | -1,4 |
| Бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы[3], сом | 15752 | 106,3 | 106,4 | -0,1 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 4814,1 | 107,3 | 111,0 | -3,7 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 1678,2 | 94,9 | 115,6 | -20,7 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 1177,4 | 96,9 | 113,2 | -16,3 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 423,3 | 100,9 | 124,0 | -23,1 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 3636,7 | 111,2 | 110,2 | +1,0 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 1254,9 | 93,0 | 113,2 | -20,2 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2018-ж.январь-сентябры (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2018-ж. январь-сентябры (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-октябрындагы экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Ички дүң продукт.** Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрында ички дүң продуктунун көлөмү 420,0 млрд. сомду түздү жана өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 2,0 пайызга жогорулады. ИДПнын түзүмүндө эң жогорку үлүш кызмат көрсөтүү тармагына туура келди, ал анын жалпы көлөмүнүн 45 пайызга жакынын, өнөр жай - 19 пайызга жакынын, айыл чарба - 14 пайызды жана курулуш 7 пайыздан көбүн түздү. «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда, ИДПнын көлөмү 2018-жылдын. январь-октябрында 382,6 миллиард сомду түздү жана 2,6 пайызга өстү.

**Өнөр жай.** 2018-жылдын январь-октябрында өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмдөрүнүн өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 1,4 пайызга төмөндөшү металл рудаларын казуунун - 65,3 пайызга, ошондой эле баалуу металлдарды өндүрүүнүн 3,5 пайызга кыскарышынын эсебинен шартталды.

«Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда, өндүрүштүн көлөмү 1,2 пайызга өстү. Муну менен бирге өсүү мунайзат продуктуларын өндүрүү (22,7 пайызга), текстиль өндүрүшү (20,2 пайызга), кийим өндүрүү (20,1 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарын (25,2 пайызга) жана башка металл эмес минералдык продуктуларды (10,8 пайызга) менен камсыз болду.

Электр энергиясын өндүрүүнүн жана берүүнүн өсүшүнүн эсебинен электр энергия, газ жана буу менен камсыз кылуунун көлөмү 2017-жылдын январь-октябрындагы деңгээлинен 2,5 пайызга жогорулады.

**Айыл чарба.** Айыл чарба азыктарын дүң чыгаруунун көлөмүнүн өткөн жылдын январь-октябрына салыштырмалуу өсүшү мал чарбасынын (2,1 пайызга) жана өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн продукцияларын (2,8 пайызга) өндүрүүнүн көбөйүшү менен шартталды.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн 2017-ж. январь-октябрына салыштырмалуу өсүшү электр энергия, газ жана буу менен камсыздоо (жабдуу), мейманканалар жана ресторандар, ошондой эле маалымат жана байланыш чөйрөлөрүнүн объекттеринин курулушунан сырткары ишмердиктин көпчүлүк түрлөрүндө белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржылана турган инвестициялардын көлөмдөрү 20,9 пайызга өстү, ал эми тышкылардан, тескерисинче, 25,1 пайызга төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрында негизги көлөм (инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 78 пайыздан көбү) пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, электр энергия, газ жана буу менен камсыздоо (жабдуу) транспорт ишмердиги жана турак жай курулушунун объекттерин курууга багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун 2017-ж. январь-октябрына салыштырмалуу көбөйүшү дүң (9,1 пайызга) жана чекене сооданын (3,8 пайызга) өсүшүнүн эсебинен камсыздалды.

**Эмгек акы.** Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин эң олуттуу жогорулашы курулушта (15,3 пайызга), башка тейлөө ишмердиктеринде (13,5 пайызга), маалымат жана байланышта (13,3 пайызга), мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоодо (11,8 пайызга), дүң жана чекене соодада, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоодо (9,4 пайызга), кыймылсыз мүлк операцияларында (8,7 пайызга), ошондой эле кесиптик, илимий жана техникалык ишмердикте (8,8 пайызга) байкалды. Муну менен катар мейманканалар жана ресторандардын ишмердиги чөйрөсүндөгү ишканаларда жана уюмдарда эмгек акы 10,5 пайызга төмөндөдү.

**Баалар.** Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып, (өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу) бүтүндөй республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин 0,9 пайызга төмөндөөсү белгиленди, ал эми октябрда өткөн айга салыштырмалуу алардын 0,3 пайызга жогорулашы катталды. 2018-жылдын январь-октябрында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары - 4,9 пайызга төмөндөдү.

Муну менен катар тамекиге (16,2 пайызга), кызмат көрсөтүүлөргө (4,2 пайызга) болгон баалардын жана тарифтердин өсүшү сакталды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып, алкоголдук ичимдиктердин баалары 2,3 пайызга, азык-түлүк эмес товарлардын баалары - 0,3 пайызга жогорулады. Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрында көбүрөөк баалар картошкага (41,6 пайызга), быйылкы жашылчаларга (28,5 пайызга), быйылкы мөмө-жемиштерге (10,7 пайызга), гречкага (17,4 пайызга) жана куюлуп сатылган сүткө (8,4 пайызга), керамикалык плиталарга (7,8 пайызга), катуу отундунга (7,0 пайызга) төмөндөдү. Муну менен катар баалар жана тарифтер кийим тигүү үчүн материалдарына - 8,7 пайызга, бензин - 9,1 пайызга, эл аралык ташуу кызматтары - 11,2 пайызга, байланыш 15,7 пайызга, дизелдик күйүүчү майы - 16,6 пайызга, жүргүнчүлөрдү аба транспорту менен ташуу кызматтары - 19,4 пайызга орчундуу өстү.

Үстүбүздөгү жылдын октябрында өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу Нарын (1,9 пайызга) жана Ош (1,2 пайызга) жана Ысык-Көл (0,2 пайызга) облустарында керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулагандыгы катталды. Ушул эле учурда республиканын бардык аймактары боюнча тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын керектөө бааларынын төмөндөгөнү, ал эми кызматтарга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге бардык жерде алардын өсүшү белгиленди. Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып, азык-түлүк эмес товарларга баалардын Жалал-Абад (1,8 пайызга), Баткен (1,1 пайызга) жана

Талас (1% (бир) пайызга) облустарында, ошондой эле Бишкек шаарында (0,2 пайызга) төмөндөгөнү катталды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2018-жылдын январь-сентябрында *экспорттук жөнөтүүлөрдүн* 2017-жылдын январь- сентябрына салыштырмалуу 3,1 пайызга кыскарышы, алтынды жөнөтүүлөрдүн 17,0 пайызга төмөндөшү менен шартталды, анын экспорттук жөнөтүүлөрдүн жалпы көлөмүндөгү ташылып чыгарыла турган үлүшү 37,9 пайыздан 32,5 пайызга чейин азайды. Баалуу металлдардын рудаларын жана концентраттарын жөнөтүүлөр - 14,9 пайызга, сүт жана сүт продукцияларын - 27,9 пайызга, автоунаалар жана тракторлор үчүн тетиктери жана жабдыктары - 23,0 пайызга, электрэнергиясы - 21,8 пайызга кыскарды.

Муну менен катар цементти жөнөтүүнүн - 5,1 эсеге, кара металлдын калдыктары жана сыныктарынын - 2,3 эсеге, пахта буласынын - 2,1 эсеге, мунайзат продуктулары - 66,7 пайызга, кийимдерди - 35,3 пайызга, кургатылган буурчак жашылчаларын жөнөтүүнүн - 33,7 пайызга, айнек жана андан жасалган буюмдарды - 19,9 пайызга, жылмаланган айнек - 9,3 пайызга өсүшү белгиленди.

2018-жылдын январь-сентябрында 2017-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу *импорттук келип түшүүлөрдүн* көлөмүнүн жогорулашы кийимдерди ташып кирүүнүн - 1,8 эсеге, жемиштерди жана жаңгактарды ташып кирүүнүн - 1,6 эсеге, булгаарыдан жасалган буюмдарды ташып кирүүнүн - 1,4 эсеге, кара металлды ташып кирүүнүн - 38,0 пайызга, бут кийимдерди ташып кирүүнүн - 37,2 пайызга, жабдуулар жана механикалык түзүлүштөр - 27,4 пайызга, жер үстүндөгү транспорт каражаттарын ташып кирүүнүн - 16,1 пайызга көбөйүшү менен камсыздалды. Ошол эле убакта, сүт жана сут продукцияларын ташып кирүү - 7,1 эсеге, дандарды - 2,0 эсеге, керамикалык буюмдарды - 2,0 эсеге, кант жана канттан жасалган кондитердик азыктарды 23,4 пайызга, фармацевтикалык продукциянын - 11,5 пайызга, мунайзат продуктуларынын - 5,2 пайызга төмөндөгөнү белгиленди.

2018-жылдын январь-сентябрында *республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын* көлөмү 1678,2 млн. АКШ долларын түздү жана 2017-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу 5,1 пайызга төмөндөдү. Муну менен бирге товарлардын экспорту 0,9 пайызга өстү, ал эми импорттук келип түшүүлөр 7,0 пайызга төмөндөдү.

Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын эң көп үлүшү Россияга (66,1 пайыз) жана Казакстанга (32,2 пайыз) туура келди.

2018-жылдын январь-сентябрында Россиядан товарлардын импортунун негизги үлүшүн келип түшкөн мунайзат продуктулары (36,7 пайыз), кара металлдан жасалган буюмдары (8,4 пайыз), жаратылыш газы (2,9 пайыз) ээледи. Россияга жөнөтүлгөн товарлардын экспортундагы негизги үлүштү кийимдер (46,3 пайыз), жездин калдыктары жана сыныктары (8,7 пайыз), жашылчалар жана жемиштер (7,2 пайыз), сүт жана сүт

продукциялары (4,2 пайыз), баалуу металлдардын калдыктары жана сыныктары (3,7 пайызды) ээледи.

Казакстандын товарларынын импортунда тамекинин (11,6 пайызга), кара металлдан жасалган буюмдардын (6,1 пайызга), мунайзат продуктуларынын (5,3 пайызга), ошондой эле буудайдын (4,2 пайызга) келип түшүүсү басымдуулук кылды.

Казакстанга жөнөтүлгөн товарлардын экспортунда баалуу металлдардын рудаларын жана концентраттарын (39,0 пайыз), кийим (6,3 пайыз), сүт жана сүт продукциялары (6,0 пайыз), кант (5,4 пайыз), жылмаланган айнек (5,3 пайыз), нан жана нан азыктарын (3,8 пайыз), ошондой эле автоунаалар жана тракторлор үчүн тетиктер жана жабдыктары (3,0 пайыз) негизги товарлар болду.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Номиналдык айлык орточо эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**